| | | |
|---|---|---|
| **КАБЫЛ АЛЫНДЫ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын<br>2024-ж. «01» 11<br>№ 03 протоколу | **БЕКИТЕМ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору<br>Н.К. Турусбекова<br>______________<br>2024-ж. «19» 11 | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору<br>М.К. Чыныбаев<br>______________<br>2024-ж. «__» 11 |

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин НКББП боюнча берилген мамлекеттик үлгүдөгү орто кесиптик билими жөнүндө дипломдор жана алардын дубликаттары жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде (мындан ары - тиешелүүлүгүнө жараша Университет жана Колледж) кесиптик орто билими жөнүндө дипломдорду жана алардын дубликаттарын (мындан ары - Дипломдор жана дубликаттар), тиркемелерин (мындан ары - Тиркемелер) даярдоо, толтуруу, берүү, эсепке алуу, сактоо жана каржылоо боюнча талаптарды белгилейт.

1.2. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө, «Орто, жогорку, кошумча жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн документтери жөнүндө» жобого; «Мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерди даярдоонун, төлөөнүн, сактоонун, берүүнүн жана эсепке алуунун тартиби жөнүндө» жобо; «Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдары жөнүндө» жобо; Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү стандарты; Университеттин Уставы; И.Раззаков атындагы КМТУнун мамлекеттик жана европалык стандарттагы (дипломго тиркеме) билим берүү документтерин даярдоонун, сактоонун, берүү жана эсепке алуунун тартиби жөнүндө» жобо жана башкалардын талаптарына ылайык иштелип чыккан;

1.3. Колледждин кесиптик орто билим жөнүндө дипломдору Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүдөгү иштелип чыккан негизги кесиптик билим берүү программаларына жана ишке ашырылышына ылайык берилет.

## 2. Мамлекеттик дипломго коюлуучу талаптар

2.1. Мамлекеттик үлгүдөгү орто кесиптик билим жөнүндө диплом эки милдеттүү бөлүктөн турат:

- негизги - алган билими жөнүндө жалпы маалыматты камтыган, дипломдун көрсөтмө бөлүгү;